КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1004/1 20 15 жылдын «16» июлу

**"Программаны бекитүү жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-декабрындагы "Кыргыз Республикасында мектеп тамак-ашын өнүктүрүүнүн негизги багыттары жөнүндө" токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, жана Бириккен Улуттар Уюмунун Дүйнөлүк Азык-Түлүк Программасынын "Мектеп тамагын оптималдаштыруу" долбоорунун алкагында, Чүй облусунун Кемин районундагы жана Талас облусунун Бакай Ата районундагы мектептердин ашканаларын оңдоо жана мектеп тамагын жакшыртуу үчүн түзүлгөн программаны ишке ашыруу максатында

**буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, жана Бириккен Улуттар Уюмунун Дүйнөлүк Азык-Түлүк Программасынын "Мектеп тамагын оптималдаштыруу" долбоорунун алкагында түзүлгөн жана бул райондордун мамлекеттик администрация башчысы-акимдери менен макулдашылган Чүй облусунун Кемин районундагы жана Талас облусунун Бакай Ата районундагы мектептердин ашканаларын оңдоо жана мектеп тамагын жакшыртуу үчүн түзүлгөн программалары жана иш – чаралардын Планы бекитилсин (Программалар тиркелет);

2. Чүй облусунун Кемин районунун райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы З.С.Алиевага жана Талас облусунун Бакай Ата районунун райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы М.Д.Доoронбековго райондордун мамлекеттик администрация башчысы-акимдери менен биргеликте программадагы иш-чаралардын аткарылышын камсыз кылуу тапшырылсын;

0022871

Сканировано с CamScanner

3. Иш-чаралардын Планынын аткарылышы боюнча квартал сайын министрликтин Мектепке чейинки, мектептик жана мектептен тышкаркы башкармалыгына (М.Усеналиев) отчет берилсин.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө, Билим берүү жана илим министринин орун басарына (Т.А.Ашымбаева) жүктөлсүн.

**Министр** **Э.К.Сариева**

Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МСН

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

2020-жылдын 22-сентябры, № 500

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстардын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу максатында, "Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Министрликтер, административдик ведомстволор, райондук мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуулар боюнча) ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрүшсүн.
3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 673 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучулардын тамактанышын уюштуруу жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 27-августундагы № 475 "Кыргыз Республикасынын мектептерин 2008-2009-окуу жылына даярдоо жөнүндө" токтомунун 9-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы № 527 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 673 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүүчү мектептеринде

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОКМОТУ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

от 22 сентября 2020 года № 500

**Об утверждении Положения об организации питания учащихся 1-4 классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики**

В целях организации питания учащихся 1-4 классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики, в соответствии со статьей 5 Закона Кыргызской Республики «Об организации питания учащихся в общеобразовательных организациях», статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики» Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Положение об организации питания учащихся 1-4 классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики согласно приложению.
2. Министерствам, административным ведомствам, районным государственным администрациям и органам местного самоуправления (по согласованию) принять соответствующие меры, вытекающие из настоящего постановления.
3. Признать утратившими силу:

1) постановление Правительства Кыргызской Республики «Об организация питания учащихся в государственных и муниципальных общеобразовательных школах Кыргызской Республики» от 18 сентября 2006 года № 673;

2) пункт 9 постановления Правительства Кыргызской Республики «О подготовке школ Кыргызской Республики к новому 2008-2009 учебному году» от 27 августа 2008 года № 475;

3) постановление Правительства Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об организации питания учащихся в государственных и муниципальных общеобразовательных школах Кыргызской Республики» от 18 сентября 2006 года № 673» от 7 октября 2019 года № 527.

1034/1
23 09 20

Сканировано с CamScanner

окуучулардын тамак-ашын уюштуруу жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **К.А.Боронов**

4. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на отдел образования, культуры и спорта Аппарата Правительства Кыргызской Республики.

5. Настоящее постановление вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Премьер-министр** **К.А.Боронов**

Сканировано с CamScanner

Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө жобо**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, муниципалдык жана жеке жалпы билим берүү уюмдарына карата колдонулат.

2. Жобо жалпы билим берүү уюмдарындагы окуучулардын тамактануусун каржылоо жана уюштуруу, тамак-аш коопсуздугун жана сапатын камсыз кылуу тартибин аныктайт.

3. Жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстын окуучуларынын (мындан ары – 1-4-класстын окуучулары) тамактануусу "Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине (мындан ары - Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер) ылайык жүзөгө ашырылат, ошондой эле билим берүү, саламаттык сактоо жана коопсуз чөйрөнү түзүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актылардын принциптерине негизделет.

## 2-глава. Негизги максаттар жана милдеттер

4. Ушул Жобону ишке ашыруу төмөнкү максаттарга жетүүнү камсыз кылат:

- окуучуларды тамак-аш заттарына жана энергияга болгон курактык физиологиялык керектөөлөргө, рационалдуу жана балансталган тамактануунун принциптерине шайкеш келген тамактануу менен камсыз кылуу;
- окуучулар арасында тамактануу фактору менен байланышкан жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу (профилактикалоо);
- толук кандуу жана туура тамактануунун принциптерин жайылтуу;
- окуучуларды социалдык колдоо;
- тамак бышыруу үчүн колдонулуучу тамак-аштын жана азык-түлүктүн кепилденген сапаты жана коопсуздугу.

Приложение

**Положение об организации питания учащихся 1-4 классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики**

## Глава 1. Общие положения

1. Положение об организации питания учащихся 1-4 классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики (далее – Положение) распространяется на государственные, муниципальные и частные общеобразовательные организации Кыргызской Республики.

2. Положение определяет порядок финансирования, организации питания, обеспечения безопасности и качества питания учащихся в общеобразовательных организациях.

3. Питание учащихся 1-4 классов общеобразовательных организаций (далее – учащиеся 1-4 классов) осуществляется в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об организации питания учащихся в общеобразовательных организациях», Санитарно-эпидемиологическими правилами и нормативами «Санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях», утвержденными постановлением Правительства Кыргызской Республики от 11 апреля 2016 года № 201 (далее – Санитарно-эпидемиологические правила и нормативы), а также основывается на принципах других нормативных правовых актов в области образования, здравоохранения и создания безопасной среды.

## Глава 2. Основные цели и задачи

4. Реализация настоящего Положения обеспечивает достижение следующих целей:

- обеспечение учащихся питанием, соответствующим возрастным физиологическим потребностям в пищевых веществах и энергии, принципам рационального и сбалансированного питания;
- предупреждение (профилактика) среди обучающихся инфекционных и неинфекционных заболеваний, связанных с фактором питания;
- пропаганда принципов полноценного и здорового питания;
- социальная поддержка учащихся;
- гарантированное качество, безопасность питания и пищевых продуктов, используемых для приготовления блюд.

Задачами настоящего Положения являются:

Сканировано с CamScanner

Ушул Жобонун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- мектептеги тамак-аш блокторун санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге ылайык модернизациялоо;

- тамактанууну уюштурууга бөлүнүүчү бюджеттик каражаттарды колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына ылайык пайдалануу.

## 3-глава. Тамактанууну каржылоо тартиби

5. Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

- республикалык бюджет;

- жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу түрдө берилген каражаттары;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

6. 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусу бир окуучуга күнүнө 7 сом эсебинде жүзөгө ашырылат.

7. Бийик тоолуу жана алыскы аймактардын табигый-климаттык оор шарттарындагы калктуу конуштарда жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4-классынын окуучуларынын тамактануусу бир окуучуга күнүнө 10 сом эсебинде жүзөгө ашырылат.

8. Бишкек жана Ош шаарларындагы 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусу тиешелүү шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринин эсебинен, бирок бир окуучуга күнүнө кеминде 7 сомдон жүзөгө ашырылат.

9. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары каржылык мүмкүнчүлүктөрү бар болгон учурда тиешелүү аймакта жайгашкан жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тамактануусуна кошумча каражат бөлүүгө укуктуу.

## 4-глава. Тамактанууну уюштуруу тартиби

10. Окуучуларды тамактандырууда аларды тиешелүү кесиптик квалификациясы бар, белгиленген тартипте алдын-ала жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өткөн жана жеке медициналык китепчеси бар кызматкерлер тейлейт.

11. Жалпы билим берүү уюмунун ашканасы өндүрүштүк ишти беш күндүк окуу жумалыгынын режиминде жүзөгө ашырат.

12. Окуучуларга тамак-аш берүү класстар боюнча сабактардын режимине ылайык тыныгуу учурунда уюштурулат жана кеминде 20 мүнөткө созулат.

13. Окуучуларды ашканага класс жетекчилер/мугалимдер коштоп барат.



- модернизация школьных пищеблоков в соответствии с санитарно-эпидемиологическими правилами и нормативами;

- использование бюджетных средств, выделяемых на организацию питания, в соответствии с требованиями действующего законодательства.

## Глава 3. Порядок финансирования питания

5. Источниками финансирования питания учащихся в государственных и муниципальных общеобразовательных организациях являются:

- республиканский бюджет;

- добровольно внесенные средства физических и юридических лиц;

- другие источники, не противоречащие законодательству Кыргызской Республики.

6. Питание учащихся 1-4 классов осуществляется из расчета 7 сомов на одного учащегося в день.

7. Питание учащихся 1-4 классов общеобразовательных организаций, расположенных в населенных пунктах с тяжелыми природно-климатическими условиями высокогорья и в отдаленных зонах, осуществляется из расчета 10 сомов на одного учащегося в день.

8. Питание учащихся 1-4 классов в городах Бишкек и Ош осуществляется за счет местных бюджетов соответствующих городов, но из расчета не менее чем 7 сомов на одного учащегося в день.

9. Органы местного самоуправления, при наличии финансовой возможности, вправе выделить дополнительные средства на питание учащихся общеобразовательных организаций, расположенных на соответствующей территории.

## Глава 4. Порядок организации питания

10. Обслуживание питанием учащихся осуществляется сотрудниками, имеющими соответствующую профессиональную квалификацию, прошедшими предварительный и периодический медицинские осмотры в установленном порядке и имеющими личную медицинскую книжку.

11. Столовая общеобразовательной организации осуществляет производственную деятельность в режиме пятидневной учебной недели.

12. Отпуск питания учащимся организуется по классам на переменах продолжительностью не менее 20 минут, в соответствии с режимом учебных занятий.

13. Сопровождение учащихся в помещение столовой осуществляется классными руководителями/учителями.

Сопровождающие учащихся классные руководители/учителя обеспечивают соблюдение режима посещения столовой, общественный



Сканировано с CamScanner

Окуучуларды коштоп жүргөн класс жетекчилер/мугалимдер ашканага барып келүү режимин, коомдук тартипти сактоону камсыз кылышат, ашкананын кызматкерлерине тамактанууну уюштурууда көмөктөшөт жана тамактануунун алдында окуучулардын жеке гигиенасын контролдойт.

## 5-глава. Тамактануу коопсуздугун жана сапатын камсыз кылууну контролдоо

14. Жалпы билим берүү уюмунда Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге ылайык тамактанууну уюштуруу жана тамак-аш азыктарынын сапаты боюнча документтердин ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык тизмеси бар.

15. Жалпы билим берүү уюмундагы тамактануу тамак-аштын иштелип чыгуучу жана болжолдуу менюсун түзүүнүн сунуш кылынган формасына (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген "Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге карата 3-тиркеме) ылайык иштелип чыккан болжолдуу перспективдүү менюнун негизинде уюштурулат.

Даярдалуучу тамактардын азыктык баалуулугу, ошондой эле тамактардын рецептери жөнүндө сандык маалыматтарды камтыган чечмеленген меню Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерде жана ченемдерде белгиленген тамактануунун минималдуу физиологиялык ченемдерине шайкеш келүүгө тийиш.

16. Окуучулардын тамактануусунда колдонулган чийки азык-түлүктүн жана тамак-аштын азыктык баалуулугунун гигиеналык көрсөткүчтөрү санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге шайкеш келүүгө тийиш.

17. Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштурууга өндүрүштүк контролду атайын комиссия жүзөгө ашырат, анын курамына жалпы билим берүү уюмунун администрациясынын, ата-энелердин, жергиликтүү бийлик органдарынын окулдору жана медициналык кызматкер кирет.

18. Атайын комиссия төмөнкүлөргө өндүрүштүк контролду жүзөгө ашырат:

- Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге ылайык бекитилген меню боюнча тамактануунун рационунун шайкештигин;
- даяр тамак-аштын сапатына;
- тамак-аш блокторунун санитардык абалына;
- окуучулардын тамактануусун уюштурууга;
- ашкананын жана буфеттин иш графигинин сакталышына.

порядок, содействуют работникам столовой в организации питания и контролируют личную гигиену учащихся перед едой.

## Глава 5. Контроль за обеспечением безопасности и качества питания

14. В общеобразовательной организации в соответствии с Санитарно-эпидемиологическими правилами и нормативами имеется в наличии перечень документов по вопросам организации питания и качества пищевой продукции согласно приложению 1 к настоящему Положению.

15. Питание в общеобразовательной организации организуется на основе разрабатываемого рациона питания и примерного перспективного меню, разработанного в соответствии с рекомендуемой формой составления примерного меню (приложение 3 к Санитарно-эпидемиологическим правилам и нормативам «Санитарно-эпидемиологические требования к устройству, содержанию и организации режима работы в дошкольных образовательных организациях», утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 11 апреля 2016 года № 201).

Пищевая ценность приготовляемых блюд, а также меню-раскладка, содержащие количественные данные о рецептуре блюд, должны соответствовать минимальным физиологическим нормам питания, установленным Санитарно-эпидемиологическими правилами и нормативами.

16. Гигиенические показатели пищевой ценности продовольственного сырья и пищевых продуктов, используемых в питании учащихся, должны соответствовать Санитарно-эпидемиологическим правилам и нормативам.

17. Производственный контроль за организацией питания учащихся в общеобразовательных организациях осуществляется специальной комиссией, в состав которой входят представители администрации общеобразовательной организации, родительской общественности, органов местного самоуправления и медицинский работник.

18. Специальная комиссия осуществляет производственный контроль за:

- соответствием рациона питания согласно утвержденному меню в соответствии с Санитарно-эпидемиологическими правилами и нормативами;
- качеством готовой продукции;
- санитарным состоянием пищеблока;
- организацией приема пищи учащимися;
- соблюдением графика работы столовой и буфета.

19. Специальная комиссия ведет учетную документацию в соответствии с Санитарно-эпидемиологическими правилами и нормативами.

Сканировано с CamScanner

19. Атайын комиссия Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге ылайык эсепке алуу документтерин жүргүзөт.

20. Тамак-аш азыктарынын, чийки азык-түлүк заттарынын, даяр кулинардык азыктардын сапатын, рецептердин жана технологиялык режимдердин сакталышын текшерүү үчүн бракераждык комиссия түзүлөт.

21. Бракераждык комиссиянын ишинин максаты окуучулардын тамактануусун уюштуруунун жана азык-түлүктүн сапатын контролдоо, жалпы билим берүү уюмдарында тамак-ашты даярдоодо жана берүүдө санитардык-гигиеналык талаптарды сактоо болуп саналат.

22. Бракераждык комиссия өз ишинде Санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин жана ченемдердин жоболорун жетекчиликке алат.

23. Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн аймактык борборлору төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:

- тамактануу рационунун (болжолдуу менюлардын) медициналык-биологиялык жана гигиеналык баалоосун;

- тамактануунун типтүү рациондорунун (болжолдуу менюнун) санитардык эрежелерге жана балдар менен өспүрүмдөрдүн тамак-аш заттарына жана энергияга болгон физиологиялык керектөөлөрүнүн курактык ченемдерине шайкештиги жөнүндө санитардык-эпидемиологиялык корутундуларды берүүнү;

- тамактанууну уюштурууга пландуу контролдоону, келген чийки заттардын жана даяр азык-түлүктүн сапатын контролдоону.

## 6-глава. Тамактанууну уюштуруу үчүн жооптуу адамдардын милдеттери

24. Жалпы билим берүү уюмунун администрациясы:

- класс жетекчилери менен биргеликте окуучуларга сапаттуу тамактанууну уюштуруу максатында окуучулар жана ата-энелер (алардын мыйзамдуу өкүлдөрү) менен уюштуруу жана түшүндүрүү иштерин жүзөгө ашырат;

- Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге ылайык атайын бөлүнгөн жайларда 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун уюштурат;

- тамак-аш азыктарын сактоо, окуучулардын гигиенасын жана идиш-аякты сактоо үчүн Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге ылайык шарттарды түзөт;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарына, ошондой эле Бажы биримдигинин/Евразия экономикалык биримдигинин техникалык регламенттерине ылайык тамак-аш азыктарын сатып алууну жана тамактанууну уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурат.

25. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси:



20. Для проверки качества пищевых продуктов, продовольственного сырья, готовой кулинарной продукции, соблюдения рецептур и технологических режимов создается бракеражная комиссия.

21. Целью работы бракеражной комиссии является осуществление контроля за организацией питания учащихся, качеством поставляемых продуктов и соблюдением санитарно-гигиенических требований при приготовлении и раздаче пищи в общеобразовательной организации.

22. Бракеражная комиссия в своей деятельности руководствуется положениями Санитарно-эпидемиологических правил и нормативов.

23. Территориальные центры государственного санитарно-эпидемиологического надзора осуществляют:

- медико-биологическую и гигиеническую оценку рационов питания (примерных меню);

- выдачу санитарно-эпидемиологических заключений о соответствии типовых рационов питания (примерных меню) санитарным правилам и возрастным нормам физиологической потребности детей и подростков в пищевых веществах и энергии;

- плановый контроль организации питания, контроль качества поступающего сырья и готовой продукции.

## Глава 6. Обязанности ответственных лиц за организацию питания

24. Администрация общеобразовательной организации:

- совместно с классными руководителями осуществляет организационную и разъяснительную работу с учащимися и родителями (их законными представителями) с целью качественной организации питания учащихся;

- организует питание учащихся 1-4 классов в специально выделенных помещениях согласно Санитарно-эпидемиологическим правилам и нормативам;

- создает условия, соответствующие Санитарно-эпидемиологическим правилам и нормативам, для хранения продуктов питания, гигиены учащихся и содержания посуды;

- организует закуп продуктов питания и услуг по организации питания в соответствии с законодательством Кыргызской Республики о государственных закупках, а также техническими регламентами Таможенного союза/Евразийского экономического союза.

25. Руководитель общеобразовательной организации:

- издает приказ, регламентирующий организацию питания и назначающий ответственного лица за организацию питания в общеобразовательной организации;

- утверждает примерное меню и меню-раскладок, содержащих данные о рецептуре блюд;



Сканировано с CamScanner

- бекитилген режимге ылайык тамактанууну уюштурууну регламенттеген жана жалпы билим берүү уюмунда тамактанууну уюштурууга жоопту адамды дайындаган буйрук чыгарат;

- тамактын рецепттери жөнүндө маалыматтарды камтыган болжолдуу менюну жана чечмеленген менюну бекитет;

- окуучулардын тамактануу режимин/графигин бекитет;

- жыл сайын учурдагы жылга карата бракераждык комиссиянын курамын бекитет;

- жыл сайын атайын комиссиянын курамын жана окуучулардын тамактануусунун уюштурулушун жана сапатын контролдоо боюнча план-графикти бекитет;

- окуучулардын тамактануусун уюштуруу жана бардыгына жеткирүү, тамак-аштын сапаты үчүн жоопту болот.

26. Жалпы билим берүү уюмунда ысык тамакты уюштуруу үчүн жоопту адам:

- келген тамак-аш азыктарынын ассортиментин текшерет;

- класс жетекчиси менен бирдикте сабакка келбеген окуучуларды өз убагында каттоого алат;

- медициналык кызматкер менен бирдикте окуучуларга тамак-аш берүү графигинин сакталышын контролдойт;

- санитардык-гигиеналык режимдин сакталышын камсыз кылуу боюнча башка чараларды көрөт.



- утверждает режим/график питания учащихся;

- ежегодно утверждает состав и деятельность бракеражной комиссии на текущий учебный год;

- ежегодно утверждает состав специальной комиссии и план-график производственного контроля за организацией и качеством питания учащихся;

- несет ответственность за организацию и полноту охвата учащихся питанием, качество питания.

26. Лицо, ответственное за организацию горячего питания в общеобразовательной организации:

- проверяет ассортимент поступающих продуктов питания;

- совместно с классным руководителем производит своевременную регистрацию отсутствующих учащихся;

- совместно с медицинским работником осуществляет контроль за соблюдением графика отпуска питания учащимся;

- принимает иные меры по обеспечению соблюдения санитарно-гигиенического режима.



Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ<br>Кемин райондук билим берүү бөлүмү | | МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ<br>Кеминский районный отдел образования |

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

14 сентябрь 2021 г. № 245

Кемин ш.
г. Кемин

«Кемин районунун билим берүү мектептеринин 1- 4 класстагы окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын 4-декабрын 2019 – жылдын № 135 "Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө" Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006 -жылдын 12 -июлундагы "Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө" Жарлыгы менен, УП N 372, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006 -жылдын 18 -сентябрындагы N 673 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык орто мектептеринде окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө" токтому негизинде

**Буйрук кылам:**

1. 2021 -жылдын 15 -сентябрынан баштап башталгыч класстын окуучулары үчүн тамак уюштурулсун.
2. Окуучулардын күнүмдүк тартибинде төмөнкү тамактаануу режимди кармалсын:
   а) биринчи кезмет- экинчи сабактан кийинки;
   б) экинчи кезмет- экинчи сабактан кийин;
3. Директорлор менюну Кемин райондук ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбороуу менен макулдашып бекитилсин.
4. Директорлор тамактануу графигин бекитсин.
5. Мектеп администрациясы окуучулардын тамактануусуна жоопттуу адамды дайындасын, отчеттор ар бир айдын 10уна чейин райондук билим берүү бөлүмүнүн бухгалтериясына тапшырылсын.
6. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси А.К.Ниязалиевага жүктөлсүн.

Бөлүм башчысы А.А.Тулебаева

Сканировано с CamScanner

7. Класс жетекчилер кам көрүүлөр кошууна тиешелүү кылган акчаларды чогултуп, китеп окууга кызыктыруусун
8. Ошонго 10 сомдон ар сабагын ар бир бала үчүн төлөнсүн.
Мектепке сомка көтөрүп келген окуучуга биринчисинде эскертүү, экинчисинде штраф төлөнсүн. Штрафтын размери 1000с (3000с)

Чогулуштун төрагасы: [signature] Касымалиев
катчы: [signature] Шаршеналиева

Токтом № 41. 12.01.2021

1. Каралуучу маселе
1. Баштапкы класстардын окуучуларынын тамак-ашына кошумча акча төлөө
2. Окуучулардын ден-соолугуна кам көрүү

1. 2-4-класстардын окуучуларына мамлекет тарабынан бөлүнгөн 7 сомго кошумча ата-энелер тарабынан 10 сомдон төлөө б/ча сунуш киргизилди.
Мектеп директору Касымалиева чогулушту ачып жатып, ата-энелерге ден-соолукта болуусун, балдарына да ийгилик каалады.
1. Каралуучу 1-маселе б/ча сунушун киргизүү: балдардын тамагына кошумча акча төлөп бере класстарда

мамлекет тарабынан бөлүнгөн акчага 70-10 күнгө эле жетет экен. Ошондуктан ко сиздер тараптан колдоо керек".

Ата-энелер тарабынан (кошумча) жарым сөзгө чыккандар Маркабаева М. мындай деди: „Бул балдарыбыздан аябайбыз. Мен мектептин ашканасында иштеген балдардын толук кандуу тамактануусуна кошумча акча беремин."

Абдыкасова Оля: „Балдарыбызга беремин. Мектептен бир маал тамак ичкени абдан жакшы болду. Кошумча акча беремин. Бул макулбуз".

2. Окуучулардын ден-соолугуна көз салыңыздар. - деп мектептин организатору Кудайбергенова сөз сүйлөп, жеңилдү китиптик, антисептик жаныңда болуусун айтты. Эгерде t° 37°С, жотол болсо сөзсүз ФАПка кайрылгыла.

Токтом №4 чечими:

1. Балдардын тамак-ашына 10 сомдон өз убагында төлөнсүн.

2. Ата-энелер балдардын ден-соолугуна көз салсын. Жеңилдү киетпеш жиберсин.

Чогулуштун төрагасы: [подпись] Касымалиева

катчысы: [подпись] Маршаналиева

ТОКТОБОЛОТ АБДЫМОМУНОВ ... ЖАНА АЛЫШСКАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА ... КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ... ИНН 00910199510213

Сканировано с CamScanner

0

"Бекитемин"
Мектеп дир
Джилкибаева А
" 11 " 11 2022ж.

Чүй облусу районунун Токтоболот Абдымомунов атындагы Жаңы-Алыш орто мектеби

**МЕНЮ**

14.11-18.11.2022ж.

| | Тамактын аталышы | чыгуу | РОО баасы | Ата-энел берген баасы | Суммасы |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Дүйшөмбү** | | | | |
| 1 | №57 Куручтон жасалган сут ботко | 210 гр. | 7,37 | | 7,37 |
| 2 | №88 Кадимки токоч | 85гр. | 3,22 | 0,00 | 3,22 |
| 3 | №77 Компот алма ширеси ата-эне | 200 гр. | 1,47 | 0,00 | 1,47 |
| | **Баардыгы** | | **12,06** | **0,00** | **12,06** |
| | **Шейшемби** | | | | |
| 1 | №24 Уй кесмеси эт менен | 250 | 0,045 | 2,66 | 2,705 |
| 2 | №88 Кадимки токоч | 85гр. | 3,22 | 0,00 | 3,22 |
| 3 | №77 Компот алма ширеси ата-эне | 200 гр. | 1,47 | 0,00 | 1,47 |
| | **Баардыгы** | | **4,74** | **2,66** | **7,40** |
| | **Шаршемби** | | | | |
| 1 | № 56Каймак май ж/а кант кошулган гречиха сут боткосу | 200 гр. | 2,90 | 9,15 | 12,05 |
| 2 | №88 Кадимки токоч | 85гр. | 3,22 | 0,00 | 3,22 |
| 3 | №77 Компот алма ширеси ата-эне | 200 гр. | 1,47 | 0,00 | 1,47 |
| | **Баардыгы** | | **7,59** | **9,15** | **16,74** |
| | **Бейшемби** | | | | |
| 1 | №14Буурчак кошулган картошка шорпосу эт менен | 200 гр. | | 3,89 | 3,89 |
| 2 | №88 Кадимки токоч | 85гр. | 3,22 | 0,00 | 3,22 |
| 3 | №77 Компот алма ширеси ата-эне | 200 гр. | 1,47 | 0,00 | 1,47 |
| | **Баардыгы** | | **4,69** | **3,89** | **8,58** |
| | **Жума** | | | | |
| 1 | №117Кумшекер кошулган сабиз салат | 100гр | 0,49 | 3,6 | 4,09 |
| 2 | №90 Танкы тамакка булочка | 100 гр. | 3,90 | 3,43 | 7,33 |
| 3 | №77Компот алма ширеси ата-эне | 200гр | 1,47 | | 1,47 |
| | **Баардыгы** | | **5,86** | **7,03** | **12,89** |
| | **Жумасына баардыгы** | | **35,00** | **22,73** | **57,67** |

Ашпозчу Эгембердиева Г

Мект.завхозу Ногойбекова А.

Бышкан тамак-ашка жоопту Жаркымбаева Г

Сканировано с CamScanner